**ОшМУнун STEM –инновациялык колледжинин информациялык - коммуникациялык дисциплиналар циклынын кезектеги отурумунун**

**№1 протоколунан көчүрмө**

Күнү: 29.08.2023

Саат: 11:00

**Катышкан окутуучулар:** К.К.Шакиров,Абжапарова У.А., Капарова А.А., Молдалиева Ж.М, Рахманберди кызы Мырзагүл, Усөн кызы Мирада, Абдималик кызы Нуржан, Маматкалыл кызы Бурул, Арынов Д.Э., Каныбек уулу Мирлан, Жумабек кызы Гүлбурак, Төрөбекова А.А., Токсонбай уулу Куткелди, Абжапарова Н.А.

## Күн тартибиндеги маселелер:

1. Орто кесиптик билим берүүнүн мамстандарттына ылайык адистиктердин окуу пландарын талкуулоо жана бекитүү
2. Адистиктер боюнча НКББПнын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын талкулоо, бекитүү
3. Окуу-усулдук, тарбиялык, илимий иштердин пландарын талкуулоо жана бекитүү
4. Жаңы окуу жылына кабинеттерди, аудиторияларды жана лабораторияларды даярдоо
5. Ар түрдүү маселелер

**1-маселе боюнча**: Орто кесиптик билим берүүнүн мамстандарттына ылайык адистиктердин окуу пландарын талкуулоо жана бекитүү

**Угулду:**

**1-маселе боюнча:** информациялык - коммуникациялык дисциплиналар циклдык коммиссиясынын төрагасы К.К.Шакиров - 2023-2024-окуу жылы үчүн "Колдонмо информатика (тармактар боюнча ) жана "Малыматтарды иштеп чыгуунун авоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)" адистиктерин күндүзгү окуу бөлүмү үчүн 2022-жылдын майында кабыл алынган мамлекеттик стандарттын негизинде 2022-2023-окуу жылында окуу пландар түзүлгөн, түзүлгөн окуу пландардын негизинде жумушчу окуу пландарды түзүп бекитүү керектигине токтолду.

**Сөзгө чыккандар:**

**-окутуучу Ж.Молдалиева** төмөнкүлөрдү билдирди: 2023-окуу жылы үчүн "Колдонмо информатика (тармактар боюнча ) жана "Малыматтарды иштеп чыгуунун авоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)" адистиктерин күндүзгү окуу бөлүмү үчүн жаны 2023-жылдын майында кабыл алынган мамлекеттик стандарттын негизинде жана окуу пландары түзүлгөн.

Негизинен биздин адистиктер үчүн жаңы стандарт иштелип чыккандаыгына байланыштуу окулуучу предметтердин кредиттик көлөмү жана аталышы, практика боюнча бир канча өзгөрүлөр бар. Ошондой эле жаңы предметтер да бар. Вариативдүү бөлүккө жалпы эки адистик боюнча 37 кредит берилген. Иш берүүчүлөрдүн сунуштары эске алынып дисциплиналар кошулду. Кошумча кайсы дисциплиналарды киргизүүну сунуштайсынар.

**-окутуучу А.А.Капарова**: 9дун базасында тапшырган 1-курсттун студенттери үчүн көбүнчө жалпы билим берүү программасындагы предметтер окулгандыгына байланыштуу адистикке байланыштуу предметтер кошулса сутуденттердин сабакка кызыгуусу артат деген ойдомун. Мисалы : 2022-2023-окуу жылында окуулган адистике киришүү, жаңы программалоо тилдеринин бири болгон Pyton программалоо тили.

**-окутуучу Абдималик кызы Нуржан:** Буга чейин HTML программалоо тили окулган, мындан ары терендетип окуу үчүн веб тиркемелелери иштеп чыгуу дисциплинасын кошууну сунуштайм.

- **окутуучу Арынов Данияр**: Азыркы учурдун талабына ылайык жана иш берүүчүлөрдүн, студенттердин сунуш тлаптарын эске алуу менен , вариативдүү болүккө 2-3-курстар үчүн видео файлдарды монтаждоо боюнча атайын дисциплина киргизүүнү сунуштайм.

Циклдын мүчөлөрү жогорудагы маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй чечим кылат

**Чечим**:

1. Окутуучулардын сунуштары эске алынсын
2. 2023-2024-окуу жылы үчүн "Колдонмо информатика (тармактар боюнча) жана "Малыматтарды иштеп чыгуунун авоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)" адистиктерин күндүзгү окуу бөлүмү үчүн жаны жумушчу окуу пландары окуу палнынын жана НКББП негизинде түзүлүп бекитилсин
3. Чечимди ишке ашыруу жагы окутуучу Ж.Молдалиевага жүктөлсүн

**2-маселе. Адистиктер боюнча НКББПсын, максаттарын жана окутуунун натыйжаларын талкулоо, бекитүү**

**Угулду:** 2-маселе боюнча информациялык - коммуникациялык дисциплиналар циклдык коммиссиясынын төрагасы К.К.Шакиров - 2023-2024-окуу жылы үчүн "Колдонмо информатика (тармактар боюнча ) жана "Малыматтарды иштеп чыгуунун авоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)" адистиктери боюнча аккредитациялык агентиктин сунушу менен окутунун натыйжаларына өзгөртүү керектигине токтолду, НКББПсын кайрадан карап чыгуу жумушчу топтор түзүлүп, өзгөрүлөр киргизилерин айтып өттү жана талкууга койду

- "Малыматтарды иштеп чыгуунун авоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)" адистигинин программа жетекчиси, окутуучу А.А.Капарова төмөнкүлөрдү билдирди: 2022-2023-окуу жылы үчүн "Малыматтарды иштеп чыгуунун авоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)" адистиги боюнча НКББПсы буга чейин 2022-жылдагы жаңы стандарт чыккандыгына байланыштуу НКББПсында 3 максат жана 7 окутуунун натыйжасы камтылган. Иш берүүчүлөрдүн, студенттердин, ата-энелердин сунуштарын эске алуу менен белгиленген максаттардын жана окутуунун натыйжаларынын мазмунуна кайрадан карап чыгуу керектигин айтып өттү.

-"Колдонмо информатика (тармактар боюнча )" адистигинин программа жетекчиси, К.К.Шакиров төмөнкүлөрдү билдирди: 2022-2023-окуу жылы үчүн "Колдонмо информатика (тармактар боюнча)" адистиги боюнча НКББПсы буга чейин доолбордун негизинде түзүлгөн , 2022-жылдагы жаңы стандарт чыккандагына байланыштуу НКББПсында өзгөрүүлөр болду. Жалпысынан 3 максат жана 7 окутуунун натыйжасы . иш берүүчүлөрдүн, студенттердин, ата-энелердин сунуштарын эске алуу менен кайрадан

иштелип чыкты. Максаттардын жана окутуунун натыйжаларынын мазмунуна сунуштар болсо бергиле

**Сөзгө чыккандар:**

**-окутуучу Ж.Молдалиева :** 2 адистик боюнча жалпы масаттары жана окутуунун натыйжалары менен таанышып чыктык. Окуттунун максаттарында биздин студенттерибиздин жалпы алуучу билимдеринин, көндүмдөрү дээрлик баары камтылган десек болот. Окутуучулардын сунуштарды эске алуу менен бектитүүнү сунуштайм

**-окутуучу У.А.Абжапарова** : адистиктердин НКББПсынына коюлган максаттар жумуш берүүчүлөрдүн, ата-энелердин сунуштарын эске алуу менен түзүлүптүр. Окуу жылы башталып калгандыктан бекитүүнү сунуштайм. Мындан ары да жолугушуларды уюштуруу менен сунуштарды эске алуу менен оңдөп түзөлөр болот деген ойдомун

-окутуучу Жумабек кызы Гулбурак: адистиктер боюнча НКББПсын иш берүүчүлөр менен мемарандум өткөрү менен биргеликте талкулап өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштайм.

Циклдын мүчөлөрү жогорудагы маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй чечим кылат

**Чечим**:

1. Окутуучулардын сунуштары эске алынсын
2. 2023-2024-окуу жылы үчүн "Колдонмо информатика (тармактар боюнча) жана "Малыматтарды иштеп чыгуунун авоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)" адистиктеринин НКББПсынын максаттары жана окутуунун натыйжалары көрсөтүлөн тартипте бектилүүсү колледждин педагогикалык кеңешинен суралсын
3. Чечимди ишке ашыруу жагы адистиктердин программа жетекчилери жана мүчөлөрүнө жүктөлсүн

**3-маселе.** Окуу-усулдук, тарбиялык, илимий иштердин пландарын талкуулоо жана бекитүү

**Угулду:** 3-маселе боюнча информациялык - коммуникациялык дисциплиналар циклдык коммиссиясынын төрагасы К.К.Шакиров - 2023-2024-окуу жылы үчүн циклдын окуу-усулдук, тарбиялык, илимий иштердин пландарын жана акредитацнын бекитүү керектигине токтолду

**Сөзгө чыккандар:**

- **окутуучу Рахманберди кызы Мырзагүл**: циклдын тарбиялык планына ПИ, АСОИУ адистигинде окуган кыздардын жана балдардын жүрүм турумун көзөмөлдөө максатында атайын иш чараларды планга киргизүүнү сунуштайм.

**-окутуучу Молдалиева Жазгүл:** иш пландар негизинен жакшы түзүлгөн**,** билим берүү программалары кайрадан аккредитациядан өткөнүнө байланыштуу дагы да өзгөртүүлөдү киргизүү менен бекитүү керектигин сунуштайм.

Циклдын мүчөлөрү жогорудагы маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй чечим кабыл кылды

**Чечим**:

1. Окутуучулардын сунуштары эске алынсын
2. 2023-2024-окуу жылы окуу-усулдук, тарбиялык, илимий иштердин иш пландары оңдоп тузө менен бекитилсин
3. Чечимди ишке ашыруу жагы циклдын төрагасы К.К.Шакировго жүктөлсүн

**4-маселе.** Жаңы окуу жылына кабинеттерди, аудиторияларды жана лабораторияларды даярдоо

**Угулду:** 4-маселе боюнча информациялык - коммуникациялык дисциплиналар циклдык комиссиясынын төрагасы К.К.Шакиров - жаны окуу жылы ондуруштук зарылчылыкка байланыштуу жаңы колледжге которулдук 1-сентябрага чейин аудиторияларды жана компьютердик кластарды даярдашыбыз керек. Ошондой эле 1 –курстардын кураторлору студенттер менен байланышып атайын WhatsApp группалар түзүү керектигине токтолду

**Сөзгө чыккандар:**

- **окутуучу Рахманберди кызы Мырзагул** төмөнкүлөрдү билдирди: жаңы кабыл алынган 1-курстар боюнча атайын группа түзүлдү. Студенттер менен баланышып жатабыз.

–**окутуучу Маматкалыл кызы Бурулай:** жаны кабыл алынган студенттердин ата-энелери менен тузмо-туз байланышып жатабыз. Whatsapp группа ачылды.

- **окутуучу Маматислам уулу Илимбек:** компьютердик класстарды жаны окуу жылына даярдоо максатында тендер жарыяланып даярдыктар корулуп жатат. Сабактар башталганга чейин даяр болуп калат

Циклдын мүчөлөрү жогорудагы маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй чечим кылат

**Чечим**:

1. Кураторлор кураторлук тайпа менен тыгыз иш алып барылсын
2. Ар жума сайын куратордук сааттар өтүлсүн
3. Чечимди ишке ашыруу жагы цикл башчыга жана ар бир кураторго жүктөлсүн.

ИКДЦКнын төрагасы: Шакиров К.К.

Отурумдун катчысы : Жумабек кызы Г.

**информациялык - коммуникациялык дисциплиналар циклы**

ОшМунун ректорунун 13-декабрь 2021-жылдагы №5245 буйругу менен тааныштым. .

| № | Окутуучунун аты-жөнү | колу |
|---|---|---|
| 1 | | |
| 2 | | |
| 3 | | |
| 4 | | |
| 5 | | |
| 6 | | |
| 7 | | |
| 8 | | |
| 9 | | |
| 10 | | |
| 11 | | |
| 12 | | |
| 13 | | |
| 14 | | |
| 15 | | |
| 16 | | |